Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№28 [16986] ИШЕМБИ, 25/10/2025

## Байлыкка да, бийликке да умтулбай, өтөлгөлүү өмүр кечирген залкар



5-бетте

## ТАЗА ШАЙЛОО – ӨЛКӨ КЕЛЕЧЕГИ



3-бетте

## МАДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА



4-бетте

## "Өзгөн нурундагы" өзгөчө жылдар



6-бетте

## ОшМУнун медициналык клиникасында



3-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан
Кыдыралиева

Нөөмөтчү
М.Жуманазаров

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №: 1320
Нускасы: 1700

Реквизиттер:
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

Дареги: 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Алайлык аксакалдар Эльчибек Джантаевге Ыраазычылык кат тапшырышты

**Алай районунун ардагерлер кеңешинин атынан Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаевге Ыраазычылык кат тапшырылды. Катта 2025-жылдын 11-12-сентябрында өткөн Алымбек датка Асанбий уулунун 225 жылдык мааракесин жогорку деңгээлде уюштурууга кошкон салымы үчүн ыраазычылык билдирилген.**

"2025-жылдын 11-12-сентябрында өткөн Алайлык кыргыздардан чыккан эң таасирдүү саясий ишмер, парваначы Алымбек датка атабыздын 225 жылдык мааракесин өткөрүүгө эбегейсиз зор салым кошуу менен бирге, бул мааракени эң жогорку деңгээлде өткөрүүгө жетиштиңиз. Бул — Сиздин уюштургучтугуңуз, ар кандай адамдар менен тил табышкан дипломаттуулугуңуз, алдын ала көрө билген көрөгөчтүгүңүз, талапты катуу коюп, аны көзөмөлдөп турган тактыгыңыз, мүмкүнчүлүккө жараша маселени туура чече билгениңиз жана мааракеге кызмат кылгандарга жасаган сылык-сыпаа, жагымдуу мамилеңиздин натыйжасы деп билебиз.




Алай районунун ардагерлери Сиздин Алымбек датканын 225 жылдык мааракесин эң жогорку деңгээлде өткөргөнүңүзгө терең ыраазычылык билдиребиз. Сизге чың ден соолук, узак өмүр, ишиңизге ийгилик, элдин алкоосуна арзып, үй-бүлөңүз менен аман-эсен, бактылуу жашашыңызды каалайбыз. Бар болуңуз!"—деп жазылган Ыраазычылык катта.

# Жоош айыл аймагында республикалык семинар-кеңешме

**Кара-Суу районуна караштуу Жоош айыл аймагында "Аймактарды өнүктүрүү – Уңгужолдун багыты" аттуу республикалык семинар-кеңешме болуп өттү. Иш-чара "Эң мыкты айыл өкмөтү" мамлекеттик сынагынын жыйынтыгынын негизинде уюштурулду. Белгилей кетсек, Жоош айыл өкмөтү аталган сынакта экинчи топтун арасынан жеңүүчү болуп тандалган.**





Семинар кеңешмеге Президенттин Администрациясынын Стратегиялык пландоо жана реформаларды талдоо бөлүмүнүн башчысы, башкармалыктын начальнигинин орун басары Октябрь Капалбаев, Президенттин Администрациясынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн аймактарды өнүктүрүү секторунун башчысы Уланбек Далиев, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Кудайберген Базарбаев, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев ошондой эле өлкөнүн бардык аймактарынан келген 200гө жакын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер катышышты.

Иш-чаранын алкагында "Улуттун уюткусу" долбоорунун алкагында көргөзмө уюштурулуп, катышуучулар Жоош айыл аймагынын имараты жана Сыдык Джолдошев атындагы айылдык тарыхый музей менен таанышышты.

Семинар-кеңешменин негизги максаты — айыл аймактарды өнүктүрүү боюнча мыкты тажрыйбаны жайылтуу, социалдык-экономикалык өнүгүүнү чыңдоо, инфраструктураны жакшыртуу жана инвестиция тартуу аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигин өркүндөтүү болуп саналат.

# УЛУТТУК ДУХ ЖАНА ЭЛДЕРДИН БИРИМДИГИ

**Ош мамлекеттик университетинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн №52-98 буйругунун алкагында "Улуттук дух жана элдердин биримдиги: Кыргызстандын тажрыйбасы жана эл аралык практика" аттуу илимий-практикалык конференция болуп өттү.**

Иш-чара Кыргызстан элинин Ассамблеясы менен ОшМУнун биргелешкен уюштуруусунда өткөрүлүп, анда КР Президентинин "Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу, "2022–2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө" улуттук программасы, ошондой эле "2021–2026-жылдары КР Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүү" концепциясынын ишке ашырылышы талкууланды.



Конференцияга КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Т.К. Арстанкулов, Кыргызстан элинин Ассамблеясынын Кеңешинин төрагасы А. Матубраимов, ОшМУнун ректору К.Г. Кожобеков, этнокоомдук бирикмелердин өкүлдөрү, окумуштуулар жана адистер катышты. Ошондой эле Азербайжан жана Казакстан этностук коомдорунун өкүлдөрү онлайн форматында сөз сүйлөштү.

Иш-чаранын негизги максаты – этностор аралык ынтымакты, элдердин достугун жана биримдигин чыңдоо, улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү болду.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

Саламаттылык

## ОшМУнун медициналык клиникасында



ОшМУнун медициналык клиникасында ашказан рагына чалдыккан бейтапка алгачкы жолу операция жасалды. Операцияны клиниканын хирургия бөлүмүнүн башчысы врач-хирург, онколог Жанек Белеков эндокопист, онколог, хирург Омурбек Алишов менен биргеликте жасады.

"Бүгүн ОшМУнун тарыхында алгачкы жолу ашказан рагына операция жасалды. Операция 4 саат созулду. Анткени ракка жасалчу операциялар узак убакыт өтө кылдаттык менен жасалат. Акыркы медициналык көндүмдөрдү колдонуу менен бейтаптын ашказынан операцияны ийгиликтүү жасап бүттүк",-деди врач-хирург, онколог Жанек Белеков.

ОшМУнун медициналык клиникасын операциялык обочосунда мындан ары операциялардын бардык түрү жасалат. Бөлүм акыркы заманбап үлгүдөгү медициналык шаймандар менен жабдылган.

Февраль айында клиникага 2022-жылы чыгарылган 4-1 лопороскоп аппараты алынып келинет, ал аппарат аркылуу абдоминалдык хирургия, гинекология, боор жана урология багыттарында операция жасоого болот.

2022-жылдын декабрь айында клиника үчүн окуу жай "Тез жардам" унаасын да сатып алган.

Форум

## Эл аралык келишимдерге кол коюлду

**ОшМУда «Евразиялык тармактык университет» илимий-билим берүү консорциумунун III форуму өттү. Форумга Евразиялык тармактык университетинин (ЕТУ) жетекчилери, Россиянын Мамлекеттик думасынын депутаттары, аталган өлкөдөн жана Кыргызстандан тиешелүү министрликтеринин жана ведомстволорунун өкүлдөрү, Россия, Казакстан, Беларусь Республикасынын, Кыргызстандын алдыңкы жогорку окуу жайларынын ректорлору, эксперттер жана адистер катышты.**



Россиянын Мамлекеттик думасынын илим жана жогорку билим берүү комитетинин төрагасынын орун басары Владимир Сипягин Евразия университеттеринин форуму кесиптик кадрларды даярдоодо эл аралык кызматташтыктын маанилүү аянтчасы болоорун айтты. "Евразия университеттеринин форуму бул илим жана билим берүү чөйрөсүндөгү эл аралык кол-лаборация. Россия бул багытта чоң тажрыйбага ээ жана аны өнөктөштөр менен бөлүшүүгө даярбыз", — деди ал. В. Сипягин ошондой эле Евразия экономикалык биримдигинин алкагында интеграцияны тереңдетүү зарылдыгын белгилеп, мүчө мамлекеттердин ортосундагы билим берүү боюнча байланышты чыңдоо маанилүү экенин кошумчалады.

Форумдун жүрүшүндө ректор Кудайбери Кожобеков ОшМУ эл аралык кызматташтыктын активдүү катышуучусу болуп, тармактык программаларга катышып, академиялык мобилдүүлүк менен биргелешкен илимий долбоорлорду ишке ашырып жатканына токтолду. «Бул форум кызматташтык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, тажрыйба алмашууга, Евразия мейкиндигинде жогорку билим берүүнүн жаңы стратегияларын иштеп чыгууга жана инновациялык технологияларды мүчө мамлекеттердин экономикасына киргизүүгө багытталган»,-деди өз сөзүндө.

«Евразиялык тармактык университет» илимий-билим берүү консорциумунун III форуму 22-октябрдан 23-октябрга чейин ОшМУнун базасында уланды.

Иш-чара илим, билим берүү жана бизнес чөйрөсүнүн өз ара аракеттенүүсүн тереңдетүү, тармактык багыттагы жогорку билим берүү программаларын ишке ашыруу, эмгек рыногунун талаптарына ылайык адистерди кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу программаларын иштеп чыгуу максатында үчүнчү ирет өттү. Форумдун алкагында эксперттик баяндамалар жасалып, ЕТУнун координациялык кеңешинин жыйыны өттү. Андан сырткары, бир катар эл аралык келишимдерге кол коюлду.

**Зинагүл Нуралиева, ОшМУнун басма сөз катчысы.**

Шайлоо - 2025

# ТАЗА ШАЙЛОО – ӨЛКӨ КЕЛЕЧЕГИ

**Учурда өлкөбүздө 2025-жылдын 30-ноябрында өтө турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине мөөнөтүнөн мурда шайлоо алдындагы даярдыктар кызуу жүрүүдө. Талапкерлерди каттоо, шайлоо тутумун таза жана жоопкерчилик менен өткөрүү боюнча иштер бардык деңгээлдеги мамлекеттик органдардын көзөмөлүндө турат.**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (БШК) билдиргендей, бүгүнкү күнгө карата депутаттыкка талапкер болуу ниетин билдирип, арыз тапшырган жарандардын саны 437ге жетти. Ошол эле учурда айрым талапкерлер жеке себептерге байланыштуу арыздарын кайтарып алышкан учурлар да катталууда.

Эске салсак, депутаттыкка талапкерлерди каттоо 2025-жылдын 30-октябрына, саат 18:00гө чейин жүргүзүлөт. Бул мөөнөттөн кийин арыз кабыл алуу токтотулат.

Быйылкы шайлоо мурдагыдай эмес, жаңы форматта өтөт. Конституциялык мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, өлкө 30 округга бөлүнүп, ар бир округдан парламентке үчтөн депутат шайланат. Бул система эл өкүлдөрүнүн жоопкерчилигин арттырып, шайлоочулар менен болгон байланышты жакшыртууга багытталган.

### Аралыктан добуш берүү

Шайлоочулар үчүн шарттарды жеңилдетүү максатында быйылкы шайлоодо аралыктан добуш берүү ыкмасы колдонулат. Бул көпчүлүк ойлогондой электрондук добуш берүү эмес. Электрондук шайлоо азырынча өлкөдө колдонулбайт. Аралыктан добуш берүүдө шайлоочу өзү жеке келип, каалаган шайлоо участогунда добуш бере алат.



Бул жаңы ыкма ар бир жарандын шайлоо укугун ишке ашырууга шарт түзөт. Ошондой эле жарандардын шайлоого катышуусун көбөйтөт деген үмүт чоң.

### Шайлоочулар үчүн түзүлгөн шарттар

Шайлоо күнү добуш берүү участкалары аэропорттордо, ири базарларда, соода борборлорунда, ооруканаларда, аскер бөлүктөрүндө жана башка эл көп чогулган жерлерде ачылат. Бул боюнча жергиликтүү бийлик органдары жана БШК биргеликте иш алып барууда. Участкалар шайлоо жабдыктары менен толук камсыздалган.

10–20 жана 30-октябрда республиканын бардык аймактарында, ошондой эле Москва, Новосибирск, Красноярск, Екатеринбург жана Иркутск шаарларында тесттик добуш берүү өткөрүлүп, жыйынтыгы ийгиликтүү болгонун БШК билдирди.

### Үгүт иштериндеги тартип

Үгүт иштеринин расмий башталышы 2025-жылдын 10-ноябрына белгиленген. Мөөнөтүнөн мурда үгүт жүргүзгөн талапкерлерге мыйзам чегинде чаралар көрүлөт.

Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүгө аккредитациядан өткөн жалпыга маалымдоо каражаттары -гезит-журналдар, радио, телеканалдар жана интернет-басылмалар катышат.

БШК бардык талапкерлерди, мамлекеттик жана жергиликтүү органдардын кызматкерлерин, журналисттерди жана социалдык тармак колдонуучуларын мыйзамды так сактоого чакырууда. Мыйзам бузуу учурлары катталган болсо, тиешелүү жоопкерчилик чаралары көрүлөт.

### Чет өлкөдөгү шайлоочулар да четте калбайт

Чет жерде жашаган кыргызстандыктар үчүн да бардык шарттар түзүлдү. Борбордук шайлоо комиссиясы 71 шайлоо участогун чет өлкөлөрдө ачып, бекитти.

Тактап айтканда, Россияда -22, Түркияда- 8, АКШда - 6, Кореяда -3, Германияда -2, Италияда - 2, Кытайда-2, Казакстанда-2, Бириккен Араб Эмираттарында - 2 шайлоо участогу иштейт. Ошондой эле Сауд Аравиясынан тартып Японияга чейин дагы 20дан ашуун өлкөдө добуш берүү борборлору уюштурулган.

Бул ирет шайлоо участкаларынын даректери атайын картага жайгаштырылып, чет өлкөдөгү жарандар үчүн эң жакын пунктту табуу жеңилдеди.

**Н. Өмүрзакова.**

# МАДЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

**КРнын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын аткарууда айыл өкмөтүнүн аймагындагы айылдын жашоо турмушун жакшыртуу максатында аткарылып жаткан иштер боюнча Кара-Суу районунун Мады айыл өкмөтүнүн жетекчиси Токтосунов Тагдырбек Токтосунович айтып берди.**

-Кара-Суу районундагы Мады айыл өкмөтү 2025-жылга карата айыл өкмөтүнүн бекитилген бюджети атайын эсепти кошпогондо 52 315 200 сом. Атайын эсептен түшүүчү каражат 27 222 000 сомду түзөт. (Жалпы бюджет 79 537 200 сом). Анын 2025-жылдын 9 айына карата өндүрүлгөнү 46 753 200 сомду түздү.

### Өндүрүш тармагы

Мады айыл өкмөтүнүн аймагында 2025-жылдын 9 айдын ичинде 2 калкка кызмат көрсөтүүчү ишкана жана 1 кондитердик цех ишке киргизилди. Ошондой эле Асан-Чек айылындагы "Ынсап" коомдук тамактануучу жайы жеке ишкер Дыйканбаев Куштарбек тарабынан толугу менен бүткөрүлүп, калкка кызмат көрсөтүүдө жана 10 адам жумуш менен камсыз болду. Учкун айылындагы "Ресто" коомдук тамактануучу жайы жеке ишкер Патиев Толкун тарабынан ишке киргизилип, 16 адам жумуш менен камсыз болушуп, иштеп жатышат. Асан-Чек айылындагы "Кондитердик" цехи Дүйнөлүк банктын колдоосу менен АРИСтин "CASA-1000" долбоорунун алкагында 5 200 000 сом акча каражаты менен каржыланып, ишке киргизилди. 5 адам жумуш орду менен камсыз болду.

Мады айыл өкмөтүнүн аймагында бүгүнкү күндө 3 өнөр жай ишканалары иштеп, өздөрүнүн чыгарган товарларын ички жана сырткы базарга чыгарып сатып жатышат. Алар: "Улан-Чи" ЖЧКсы, ишканада 60-80ге чейин жумушчу иштейт. Өндүрүштүк кубаттуулугу айына 2 млн 100 миң даана кирпич чыгарат. Тийиштүү социалдык жана салык төлөмдөрүн төлөп жатышат. Ишкана Кызыл-Тал айылында жайгашкан.

" Ала-Тоо-Амир" улуттук суусундуктарды чыгаруучу ЖЧК ишканасы 2023-жылы жеке ишкер Төрөбеков Жоодар тарабынан ачылган. Социализм айылында жайгашкан. Учурда үзүрлүү иштеп жатат. Ишканада 12 жумушчу иштеп, улуттук суусундуктарды чыгарат. Өндүрүштүк кубаттуулугу айына 30-35 тоннага чейин суусундуктарды чыгарышып, калкка тартуулап келе жатышат.

"Оомат" тигүү цехи 2023-



жылы жеке ишкер Чегиров Алымбек Бурканбекович тарабынан түптөлдү, Асан-Чек айылында жайгашкан. Ишкананы куруууга 300 миң америка доллары ишкердин жеке каражатынан жумшалган. Азыркы учурда тигүү цехинде 23 тигүүчү иштеп жатат. Ишкана айына 5-6 миң даана улуттук кийимдерди тигип чыгарат. Чыгарган кийимдерди өлкөбүздүн базарларында жана коңшу Казакстан Республикасына жана Россия Федерациясына сатууга чыгарат.

Ал эми төртүнчү Кызыл-Тал айылындагы кургак курулуш материалдарын чыгаруучу ишкана 2024-жылдын август айынын аягында ачылды. Бул ишкана жеке



ишкер Кочкорбаев Жоомарт тарабынан Казакстан Республикасынын ТОО " Премикс-Про" жана Кыргыз Республикасынын "Прем-Агат" ЖЧКсы менен биргеликте түптөлдү. Ишкананын жалпы сметалык баасы 400 миң Америка долларын түздү. Өндүрүштүк кубаттуулугу суткасына 15-20 тоннага жакын курулуш материалдарын чыгарышат.

### Инвестиция тартышууда

Быйылкы жылдын эсебинен үлуштүк дем берүүчү грантка 3 долбоор өттү.

Айта кетсек, Асан-Чек айылындагы Б.Мадазимов атындагы маданият үйүнүн чатырын сырдоо, сырткы фасадын капиталдык ондоодон өткөрүү, эшик-терезелерин алмаштыруу үчүн Стимгранттын эсебинен 1 477 588 сом, жергиликтүү бюджеттен 512 512 (беш жүз он эки миң беш жүз он эки) сом жумшалып, жалпы баасы 1 990 100 сомдук жумуш "Монолит строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылды.

Социализм айылындагы "Аксаамай" балдар бакчасын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн Стимгранттын эсебинен 1 947 100 сом, жергиликтүү бюджеттен 498 500 сом жумшалып, жалпы баасы 2 445 600 сомдук жумуш "Монолит строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылды. Асан-Чек айылындагы III Интернационал орто мектебинин чатырынын экинчи бөлүгүн ондоо үчүн Стимгранттын эсебинен 1 627 899 сом , жергиликтүү бюджеттен 400 101 сом, долбоордун жалпы наркы 2 028 000 сомду түздү, жумуш "Данэмир строй" ЖЧКсы тарабынан аткарылды.

### Ош облусттук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланган долбоорлор:

Октябрь айылындагы кичи футбол аянтчасына аталган фондтон 4 900 000 сом, элдин салымы 7 800 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 1 400 000 сом жумшалып, бүгүнкү күндө кичи футбол аянтчасы курулуп бүтүп, колдонууга берилди. Жоош айылындагы кичи футбол аянтчасына облусттык өнүктүрүү фондунан 8 900 000 сом, элдин салымы 2 800 000 сом, жергиликтүү бюджеттен 1 550 000 сом бөлүнүп, учурда футбол аянтчасынын курулушу 80 % аткарылды.

### Таза суу

Айылдарды таза суу менен камсыздоо боюнча жергиликтүү бюджеттен жана демөөрчүлөрдөн жумшалган каражаттар:

Кызыл-Тал айылына 4 200 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 90 мм, жалпы суммасы 777 мин 000 сом жумшалып, анын 351500 сому жеке ишкерлерден жана айыл тургундарынын эсебинен каржыланды.

Асан-Чек айылына 330 метр полиэтилен суу түтүгү, диаметри 90 мм, жалпы суммасы 61 мин 50 сом жергиликтүү бюджеттен жумшалды.

Каарман айылына 400 метр полиэтилен суу түтүгү тартылды, диаметри 40 мм, жалпы суммасы 55 миң сом. Жогорудагы иштерге айыл өкмөтүнүн бюджетинен жалпы 166 миң 200 сом жумшалды.

Республикалык бюджеттин эсебинен аткарылган жумуштар:

Октябрь айылындагы "А.Маданов" көчөсүн асфальттоо, узундугу -500 метрге К.Маматканов көчөсү узундугу -500 метрге, Т.Дадабаев көчөсү узундугу -300 метрге, К.Абдалиев көчөсү узундугу- 5000 метрге асфальтталды.

Социализм айылындагы Ш.Мойдунов көчөсүнүн калган 750 метр бөлүгүнө асфальт басылды.

Жалпы 2550 метр ички жолдор асфальтталып, жалпы болжолдуу 25 500 000 сомдук жумуш аткарылды.

### Мыйзамсыз курулуштар

2025-жылдын 9 айында тартылган инвестициянын көлөмү-91 043 587 сомду түздү.

Мыйзамсыз курулуштар боюнча:

КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы № 291 "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" жобосунун жер мунапысын жүргүзүү боюнча 2022-жылдан 2025-жылга чейин биринчи этапта 190 арыз Кара-Суу райондук комиссиясына түшкөн. Анын 162 арыз каралып, 21 арыз комиссияда каралып отказ болгон, акимдин токтому чыккан саны 135, мамлекеттик акт алынганы 115, мамлекеттик акт ала элек жарандардын саны 20, аныкталбаган арыздар 7, архитектурада ПЗУ жасалып жаткандардын саны 18, тизмеде илинип тургандардын саны 9 болду.

Ал эми 2025-жылдын 1-октябрына чейин арыз менен жер участоктору боюнча экинчи этапта кайрылгандардын саны 77 болуп, Кара-Суу райондук жер мунапысын жүргүзүү боюнча комиссиясына катталган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин №56 Жарлыгынын аткарылышы боюнча Ош-Бишкек, Ош –Эркечтам автожолдорунун боюндагы кызыл сызыкка чыккан турак жайлар жана курулуштарды алуу боюнча иштер аткарылды. Жалпы Ош-Эркештам жолундагы 188, Ош-Бишкек унаа жолундагы 81 тейлөө обьекттери, мыйзамсыз курулуштар иретке келтирилди. Бирок, бүгүнкү күндө жол боюнда жайгашкан Ош- Эркечтам автоунаа жолунун боюнда 20, Ош-Бишкек автоунаа жолунун боюнда 44 турак үй, жалпы 64 турак үйлөр соттун чечимине ылайык буздурулат.

### Милдеттүү камсыздандыруу

Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 31-июлундагы " Өрттөн жана табигый кырсыктардан турак-жайларды милдеттүү камсыздандыруу жөнүндөгү" № 209 мыйзамынын талаптарына ылайык 2025-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен 1847 турак жай камсыздандыруудан өткөрүлүп, план 89,3 % аткарылды.

Мады айыл өкмөтүндө көп жылдан бери эмгектенген өз ишине жоопкерчилик менен мамиле жасаган кызматкерлер эмгектенишет. Атай кетсек, Мады айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары- жоопту катчы, Сабыр Боронов, башкы адис- Абдирашит Шаданов, финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Мукаш Мырзабаев, жер адиси Алмаз Пазиев, статист-экономист Искендер Табалдиев, иш жүргүзүүчү Майрам Эрмекбаева, салык адиси-Чынар Рыспаева, санарип боюнча адис Чынар Тажибаева, адис-Жолдубай Абдыкадыров, ал эми айыл башчыларды болсо Акылбек Токтосунов жана Кадырбек Бакалбаевдерди атоого болот.

**Б. Ысакова.**



# Байлыкка да, бийликке да умтулбай, өтөлгөлүү өмүр кечирген залкар

**Өлкөбүздүн бардык аймагында Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры, залкар акын Сооронбай Жусуевдин 100 жылдыгына арналган иш-чаралар мамлекеттик масштабда белгиленип жатат.**

**"Ош жаңырыгы" газетасынын редакциясы Сооронбай Жусуевдун 100 жылдыгына карата анын 70тен ашык ырларына музыка жазылгандыгын көңүлгө алуу менен бир катар белгилүү обончуларга жана аткаруучуларга кайрылып, алардын акындын чыгармаларына кандай кайрылып калгандыктары тууралуу баяндамаларын жана залкар акын тууралуу эскерүүлөрүн жарыялоону туура тапты.**

**Кыргыз Республикасынын эл артисти Түгөлбай Казаков:**

## Эки залкар жаратып кеткен "Жийде жыты"



-Кыргыз эл акыны Сооронбай Жусуевду кимдер гана билбейт. Бул киши табигаттын уулу, чыныгы чыгармачыл акын экендигин далилдеп кеткен экен.

Эски муундун эсинде, Асанкул Жаркынбаев аттуу композитор агабыз болгон. Анын «Кайдасың сен», «Жийденин жыты», «Сагынам», «Тагдырым сага байланган» аттуу ж. б. ырлары угармандардын арасына кеңири тараган. "Ала-Тоо" аттуу обондуу ыры эфирден түшпөй, аны кезегинде Артык Мырзабаев берилүү менен аткарып жүргөн. Ушул эки залкар жаратып кеткен "Жийде жытын" белгилүү ырчы кызыбыз Кенже Көбөкова көптөн бери аткарып жүрөт.

### Жийде жыты

**Сөзү С.Жусуевдики,**
**обону А.Жаркынбаевдики**
Аңкыган бакты аралап,
Арыктын суусу жай агат.
Самсаалап жийде кулпуруп,
Саамайын жерге таранат.
Жандуунун баары жайнаган,
Жаз келди мына кайрадан.
Өзүң жок бакта өкүнүп,
Өткөндү эстеп жай барам.
Караанын бактан издедим,
Калбаптыр сенин издериң.
Баягы жийде гүлдөптүр,
Бардым да жытын искедим.
Жалжал көз, шок көз сүйгөнүм,
Жабырды тарсам билбедиң.
Жытыңды мага таштапсың,
Шагына сүртүп жийденин.


**Кыргыз Республикасынын эл артисти Асылбек Өзүбеков:**

## "Обондуу ырдын андан аркы тагдыры жолдуу болду "

- "Кош жылдыздын"жаралыш тарыхы мындай, 1983-жылы Кыргыз драма театрында драматург Мурза Гапаровдун" Биздин үйдүн Карлсону" аттуу спектакли коюлуп калды. Ага обон жазып, ылайыктуу текст издей баштадым. Аны Сооронбай Жусуев агайдын китептеринен таап алдым! Төрт куплет ырда эки адамдын бүтүндүй жашоосу, тагдыры, жан дүйнөсү даана чагылдырылыптыр. Ырдын ар бир сабында экөөнүн чоң сүйүүсү, табышканы, анан... айрылышканы бар экен. Ошол обондуу ыр спектаклдин өзөгү катары кеткен.

Бул обондуу ырдын андан аркы тагдыры жолдуу болду десем туура болот. Аны "Шантелл" тобу ырдап чыкты. Атактуу аткаруучу Эрмек Мойдунов агабыз ырдап жүргөн.

"Сүйүү закымдары" киносунда лейтмотив катары кетти.



### Кош жылдыз

**Сөзү С.Жусуевдики,**
**обону А.Өзбековдуку**
Эстечи, андай чак кайда,
Экөөбүз бакта басканда.
Коңур жел жортуп таң эрте,
Кош жылдыз, кош жылдыз,
Кош жылдыз турган асманда.
Жылдыздай сүйүү сен тилеп,
Жылдыздай сүйүү мен тилеп.
Ал экөө биздин жылдыз деп,
Албадык, албадык,
Албадык беле энчилеп.
Кош жылдыз өңдүү жанашып,
Кош жылдыз өңдүү жарашып.
Эрмектеш болуп жүрө албай,
Экөөбүз, экөөбүз,
Экөөбүз кеттик адашып.
Жаз сайын булак шыңгырап,
Жашка жаш кошуп жыл-жылдап.
Көргөндө көктөн кош жылдыз,
Көзүмдүн, көзүмдүн,
Көзүмдүн жашы кылгырат.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген артисти Салима Балтаева:**

## «Менин бактыма жаралган ыр»



- "Көктөм эле" ырын 2002-жылы ырчы Кенже Кубатова алгачкылардан болуп композитордун коштоосунда ырдап чыкты. Бирок ырдын обонун жараткан Калмурат Рыскулов негедир бул ырдын эстрада жанрында жаңырышын эңсеп жүргөн экен. Бир күнү мага келип,

– Салима, ушул ырдын сенин үнүң менен жаңырганын элестете берем. Ырды эстрада жанрына салып ырдап чыкпайсыңбы?- деди. Ыр көңүлүмө жагып турса да бир аз кыйылып турдум. Мунун себеби бар эле.

– Калмурат, Кенже досум болсо, бул ырыңды ал ырдап жүрсө, менин да ырдап чыкканым кандай болуп калат?

– Кенже капа болбойт.

– Жок, капа болбойт дебей, Кенженин өзүнөн сура. Ал макул болсо гана ырдайм,- деп маселени кабыргасынан койгом.

Калмурат Кенжеге барып, макулдугун алып келди. Кенже кең пейил жан эмеспи, каршы болбоптур. Мына ушундан кийин «Көктөм эленин» жаңы тарыхы башталган

Сооронбай Жусуев агайыбыз чыгармачыл кечесине мени сөзсүз чакырар эле. Ал киши балдарына «менин жанагы «Көктөмдү» ырдаган менин кызым» деп калчу. Агайды иш-чаралардан көрүп калып учурашканы жанына барып калсам, жанындагыларга «бул жанагы «Көктөмдү» ырдаган менин кызым да» дечу. Алар «билебиз» десе да, «бул жанагы кызым да» деп кайталап мактап калар эле.

Бул ыр чыгармачылыгымда чоң орду бар, популярдуулугумду арттырды. Кайсы жакка барбайын, «менин бактыма жаралган ыр» деп айтып келем.

### О, АНДА КӨКТӨМ ЭЛЕ

**Сөзү: С.Жусуевдики,**
**обону:К. Рыскуловдуку**
О анда көктөм эле, көктөм эле,
Жаңы эле жаз жамгыры төккөн эле.
Капкара карагаттай көзүң менен,
Карадың кирпик какпай көпкө неге?

Сейилдеп бакта жүрсөк, ай тамагым,
Сен ошол көз карашың кайталадың.
Мээримиң төгүп турсаң көз нуруңдан,
Мен неге байкабадым, байкабадым.

Болгондур байкабастык тагдырыман,
Тагдырдын тайыздык же тардыгынан.
Сезимге от тутантып да карасаң,
Сен үчүн кечер элем бардыгынан.

Негедир ошол кезди эстей берем,
Эстейм да, андай жазга жетпей келем.
Алиге сеникиндей көз караштын,
Аттиң ай, мен эч кимдин сезбей келем.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, КР маданиятынын мыктысы Төлөнбай Абдыразаков:**

## "Жөн жеринен баасын бербеген чыгаар..."

-Мен 1980-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн аяктагандан кийин " Мугалимдер газетасында" иштеп калдым. Башкы редакторубуз Жунай Маяланов болчу. Аны агай деп кайрылчубуз. Жеңиш маймрамынын алдында агайдын кабинетине Түмөнбай Байзаков, Орозбай Олжобаев, Сүйүнбай Эралиев, Сооронбай Жусуевдер кирип, алар көпкө чейин маектешип олтурушту. Алардын жанында Тойчубай Субанбеков экөөбүз да турганбыз.



Күтпөгөн жерден Байдылда Сарногоев кирип келип, отургандар менен учурашып калды. "Ашуудан берген отчетум" жыйнагы кайрадан басылып, Кыргызстан жазуучулар Союзунун А.Осмонов атындагы адабий сыйлыгына көрсөтүлүп, атагы таш жарып турган акынды көргөндө Тойчубай экөөбүз сүрдөп кеттик. Байдылда Сарногоевдин маанайы ачык, көңүлү жайдары экен, баары менен кол алышып көрүшүп чыкты. Кезек Сооронбай Жусуевге жеткенде, анын колун көпкө чейин койо бербей:

- Сокем экөөбүз Москвадагы Горький атындагы Адабият институтун бүтүргөнбүз, ошондуктан "москвич акын" деп жүрөм. Анын китептерин калтырбай окуйм. "Үмүтүн" үнүлүп түшүп окугам. Билген адамга "Бийик асманындагы" сонеттер кыргыз адабияты үчүн жаңылык.. Дүрбүнүз көп нерсени көргөзөт окшойт, "Тандалмаларда" , "Тоо жаңырткан чагылганда" мыкты ырлар көп экен, - деп калды.

Сооронбай Жусуев агабыз көз айнегин ондоп коюп, калбаат гана:

-Рахмат, Байдылда, деп жооп берген.

Бул тээ өткөн кылымдын 80-жылдарда болгон сөз... Кыргыз эли урматтап, сыйлап кадырлап жүргөн Байдылда Сарногоев сыяктуу чыгаан акын Сокемдин дарегине мындай жылуу сөздү бекеринен айткан эместир. Баасын жөн жеринен берген эместир...

Алайкууда дүнүйөгө табылган, ай, күнүнүн нурларын жамынган, таалайы ырда экендигин так түшүнгөн, татаал жолду сапарга камынган Сокем кандай кырдаал, кандай учур болбосун, өмүрүнүн аягына чейин акындыгынан тайбай келди. Даңазалуу акын жөнөкөйлүгүнөн тайбай, байлыкка да, бийликке да умтулбастан, калемин колунан түшүрбөй, карапайым жашап өттү.

**Даярдаган: Т.Абдыразаков.**

Урмат

# “Өзгөн нурундагы” өзгөчө жылдар

**Мен 1983-жылы СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн аяктап, сүйүктүү гезитим “Октябрь Туусу” азыркы “Өзгөн нурунда” иштеп калдым. Ошол журналисттик чыйырымды баштаган жылдар ыраакта калганы менен дале бүгүнкүдөй эсимде. Диплом алып жатканыбызда атамдын сунушу менен “Октябрь Туусу” газетасына жолдомо алгам.**



Анан баягы университеттен алган жолдомо менен партиянын Ош областтык комитетинин пропаганда жана агитация бөлүмүнө баруума туура келди. Ал мезгилде жаш кадрларга өзгөчө көңүл бөлүшчү. Талап да катуу эле. Обкомго барсам басма сөз бөлүмүнүн башчысы Сегизбаев “Өзгөндүн райондук газетасында иштейсиң, сентябрдан орун болот, ага дейре райкомдун 3-секратары Галя Примбердиева менен 1-секретары Вагинур Талиповдун аңгемелешүүсүнөн өтөсүң,”-деди.

Ошентип, насип буюруп, азыркы “Өзгөн нурунда” эмгек жолумду баштап, иштеп калдым. Ошондон бери гезит менин өмүрүмдүн эң сонун мезгилдери менен байланышып, журналистика менин жашоомо айланды. Ооба, бүгүн мен чыгармачылыктын бир топ белестерин басып өтүп, аздыр-көптүр журналисттик абройго ээ болуп турган чагымда, бирге иштешкен кесиптештеримди эсимден чыгара албайм.

Алгач жергиликтүү радио уктуруунун редактору деген штат менен газетага кабыл алындым. Расулберди Маметов редактор эле. Анын жетекчи катары газетанын ар тараптан мазмундуу чыгышына кошкон салымын айтпай коюуга болбос. Айрыкча, редактордун кең пейилдиги, кабарчылардын өз алдынча иштөөсүнө шарт түзгөндүгү, мээнетти баалай билгендиги – жетекчинин мыкты сапаттарынан эле. Айтор, Расулберди Маметовдун “Өзгөн нурундагы” орду өзгөчө.

Белгилүү калемгер Ысмайыл Садабаев анда гезиттин кабарчысы болуп эмгектенчү. Анын жазган очерк-макалалары окурмандардын бүйүрүн кызытчу. Бир кезде редакторлук кызматты аркалаган Бектемир Кедеев да газетада өзүнүн үнүн, жүзүн көрсөтүп, түрдүү жанрда жазып, окурман журтчулугуна таанылган. Айрыкча, анын жазмакер жаштарды өстүрүүгө кошкон салымы зор. Журналист Мухтазар Акматов басса-турса ой багып, болочок материалынын таасирдүү жазылышын көздөчү. Натыйжада чыгармачылык дараметин жумшап, түйшөлүп, ар кандай жанрдагы макалаларын гезит беттеринде чагылдырган. Кесиптешим Манап Самтыров талanttуу журналист эле. Ал газетанын редакторунун орун басары жооптуу кызматын аркалачу. Анын сын макала, сүрөттөмө, шыр баяндары, жагымдуу көңүл эргиткен ырлары гезиттин кадыр-баркын көкөлөтүп, атак-аброй алып келгенин көрдүк. Баймурат Бектемировдун ысымы да узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жеткен. Ал тубаса талант эле. Бардык жанрда жаза билчү. Анын аналитикалык макалалары, ырлары, айрым сатиралык аңгемелери облустук, республикалык мезгилдүү басма сөздөрдө жарык көрдү. Тургунбай Жумалиев гезитте кабарчы, бөлүм башчы, жооптуу катчы болуп эмгектенип, басма сөздүн баркын көтөрүүгө барандуу салым кошкондордун бири. Ошондой эле сүрөт кабарчылар Турдугул Осмонов, Манас Жакыпов, басмакана башчысы Абдыжапар Мамашов артында айтаарлык из калтырышты.

Дегеле “Өзгөн нуру” өстүргөн кадрлар “көкөлөп” алыска уча алышты. Алардын бири бир мезгилде “Өзгөн нурунун” редактору болгон – Жаркын Темирбаева. “Өзгөн нурунда” редактор кезинде “Азаттык – Медиа” мекемесинин кабарчысы да болуп, кош тизгинди жоопкерчилик менен аркалаган. Үзүрлүү эмгегинин натыйжасында “Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер” наамына татыктуу болгон.

Ал эми Гүлжамал Жороева жергиликтүү басылмада иштеп, кийин “Кыргыз Туусу” газетасынын түштүк региону боюнча кабарчысы, Ош облусунун губернаторунун пресс-катчысы, областтык “Ош жаңырыгы” газетасынын редактору, “Эркин Тоо” газетасынын түштүктөгү кабарчысы кызматтарын аркалап, кыргыз журналистикасынын айдыңында өз орду бар экенин далилдей алды.

Жолдошбай Анашов “Өзгөн нуруна” бүт өмүрүн, чыгармачылыгын арнап, көп жылдар бою редакторлук жоопкерчиликти аркалап келди. Анын гезиттин үзгүлтүксүз, мазмундуу чыгышына кошкон салымы чоң. Дегенибиз, редакция өзүбүздү-өзүбүз каржылаганыбыздан эмгек күңгөй-тескейинде жашап, аз айлык акы алып жатканыбызга карабай, өз кесибин туу тутуп иштешкен бүгүнкү чыгармачылык жамаатыбыздын жергиликтүү басылманы сактап калып, чыгарууда түйшүктөрү да, жоопкерчиликтери да чоң. Редакция чарбалык эсепте жашагандыктан, үркөрдөй болгон 5-6 кызматкер жазылууну, гезитти таратууну өзүбүзгө алып, факты топтоп кичине маалыматтан тартып чоң аналитикалык макалаларга чейин мазмундуу жазууну колго алганбыз.

Кесиптик майрамдын алдында бүгүнкү чыгармачылык жамааттын атын атап кетким келет. Алар: Жалал Алиев – редактор, Тургунбү Матмусаева-редактордун орун басары, Гүлзина Ниязалиева-жооптуу катчы, Канчоро Айдаров-кабарчы, Гүлайым Абдылаева-эсепчи, Жакыпбек Нышанбаев-дизайнер.



маянабыз жазылуудан, жарыядан түшкөн каржыга көз каранды болуп, аз маянада иштесек да кызматкерлерге дем, шык берип, гезиттин жабылбай, сакталып калышына күйүп-жанган, керек болсо жоктон-барды жараткан, жаратман редактор болду.

Газетанын алгачкы дизайнер – жасалгалоочусу Рысбай Пазыловдун ысымы да мактоого арзыйлык. Ал “Өзгөн нурунда” иштеп, кийин райондук мамлекеттик администрацияга которулуп, бүгүнкү күндө жооптуу кызматта эмгектенип келүүдө. Каныкей Жороева гезитте аз иштесе да түйшөлүп макала жазып, каттарды иштеп, аракетчилдиги менен кыраакы кызматкер болгон. Кыска убакытта эле калеми курч журналист болуп, окурмандарын таба алды.

Мен райондук гезитте көп жыл иштеп, такшалдым. Басылманын түйшүгүнө көндүм. Жогорудагы ысымдары аталган журналисттер, кызматкерлер менен үзөңгүлөш болдум. Базар экономикасынын

Мен бир жерде 42 жыл (27 жылдан бери редактордун орун басары кызматын аркалап келем) эмгектенсем да алыста калган жаштык кезди эстейм. Чогуу иштеген кесиптеш ага, эже, ини-сиңдилер эске түшөт. Жакшы адамдардын улуулугун самайм. Жаштыктын жазылбай калган санаттарын жазгым келет. Гезитиме ар дайым ыраазымын. Анткени, анын мага тартуулаган сабактары болбогондо жакшыбы-жаманбы, бүгүн өзүм автор болгон китептерим да, котормолорум да балким жаралбай калышы мүмкүн эле. Мени уям катары “Өзгөн нуру” торолтту, чыйралтты. Андыктан, сага милдеткермин менин сүйүктүү райондук гезитим.

**Тургунбү Матмусаева,**
**“Өзгөн нуру” гезитинин редакторунун орун басары.**

Прокурордук көзөмөл

# Келтирилген зыян акчалай түрдө өндүрүлдү



**Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан 2025-жылдын 9 айында жалпы мыйзамдардын аткарылышы багытында маалымдайбыз.**

2025-жылдын 9 ай ичинде Кыргыз транспорттук прокуратурасы тарабынан жүргүзүлгөн 22 текшерүүнүн жыйынтыгында 102 мыйзам бузуулар аныкталып, алардын ичинен 81 мыйзам бузуулар жоюлган. Тактап айтканда, аларды жоюу максатында жалпысынан 36 прокурордук акт келтирилген. “Кылмыштардын бирдиктүү реестрине” Автоматташтырылган маалыматтык системасына (мындан ары “КБР” Автоматташтырылган маалыматтык системасына) 1 кылмыш иш катталган.

Ошондой эле ченемдик-укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө 21 сунуш берилген (прокурордун катышуусу менен 15), 6 талап келтирилген, 8 укук бузуу боюнча токтомдор кабыл алынып, сот тарабынан 8 кызмат адамы айып пулга кириптер болушкан.

Ал эми, келтирилген прокурордук актылардын негизинде 61 кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылышып, чаралар көрүлгөн. Андан тышкары, мамлекетке келтирилген 69 827 585 сом зыян акчалай түрдө Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын атайын эсебине өндүрүлгөн жана “КБР” Автоматташтырылган маалыматтык системасына 1 кылмыш иши катталган.

**А. Алмазбек уулу,**
**Кыргыз транспорттук прокурорунун улук жардамчысы.**

Маек

**УКМКнын ардагери, отставкадагы полковник Марксбек ТЕМИРАЛИЕВ:**

# "Кекилик-Учар бейити" өткөн заманды эске салып турат"

**(башталышы №27 санында)**

"Кекилик-Учар бейити" тургузулгандан бери 9 ай өттү. Бирок түштүк жергесинде экинчи "Ата-Бейит" деп эл арасында аталып калган Мемориалдык комплекс азырынча "тарыхый мурас объекти" – деген укуктук статуска ээ болгон жок. Андай тизмеге дагы кирген жок. Же Маданият министрлигине карабайт, же айыл өкмөтүнө өткөрүлүп берилген эмес. Деюро дагы, де-факто дагы ээси жок.

"Кекилик-Учар бейити" кыргыз элинин башынан кечирген өкүнүчтүү, каргашалуу окуяларына байланыштуу тургузулду. Ушул себептен Мемориалдык комплексе жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун аныктамаларына ылайык укуктук

статус берилип, тарыхый мурастардын тизмесине киргизилип, мамлекет тарабынан коргоого алынышы керек.

**- Студиябызга өзүңүз даярдап бир китепти ала келипсиз. Ал эмне китеп? Айтып берсеңиз.**

- Жакшы болот. Жогоруда белгилеп кетпедимби май айында "Кекилик-Учар бейитинде" болдук, куран окуп келген Базарбай Жаныбеков аксакалга, карындаштарына жолуктук деп. Базарбай аксакал менен маектешкенде, эстеликке келип куран окуп кеткендерди көп көрөм – деп айтты. Мындан улам менде ой пайда болду, бул жерге келгендер өздөрүнүн пикирлерин, каалоолорун жазып калтырып кетсе болот турбайбы.

Балким алардын арасында архивден табылбаган адамдар жөнүндө маалыматтар дагы чыгып калат. Ушул максатты көздөп мынабу "Пикирлер жана каалоолор" деп аталган китепти даярдап басмаканадан чыгарттым. Эки нускада, бирөө толуп калса экинчиси колдонулат. Жакынкы күндөрү Өзгөнгө, Эски-Покровкадагы айыл өкмөтүнүн башчысы Алмазбек Амиракунового жеткиртип берем. "Кекилик-Учар бейитинде" иштеп жаткан кызматкерине тапшырат. Ал болсо келген адамдарга китепти сунуштап турат.

**-Мемориалдык комплекс жердин**



**аты боюнча эле коюлуп калды окшойт? Ошол дөбө эмнеге "Кекилик-Учар" деп айтылып калган экен?**

-Кекилик-Учар" дөбөсү коңшулаш Эски Покровка жана Кызыл-Октябрь айылдарынын ортосунда жайгашкан. Кезинде тегерегин калың камыш курчап, жапайы коёндор, башка жан-жаныбарлар, түрдүү куштар, айрыкча, көптөгөн кекиликтер уя салып, байырлап турушуптур. Жергиликтүү тургундардын айтуусунда ушул себептен дөбө "Кекилик-Учар" -деп аталып калыптыр.

**- Жыйынтыктоочу суроом болсун: "Кекилик-Учар бейити" жалпы түрмөдө камалып өлгөндөрдүн кабыры болуп калбадыбы. Архивдеги материалдар мындан ары дагы табылбаса, ушул бойдон эле алардын саны, аты жөнү, туулуп өскөн, жашаган дареги белгисиз бойдон кала береби? Же болбосо бул багытта кандайдыр бир аракеттерди жасаса болобу?**

- Архивдеги материалдар табылбаганына байланыштуу, Куршабдын түрмөсүндө канча адам камалган, канчасы өлгөн деген маалымат жок, болжолдоп айтууга дагы негиз жок. Бирок, бул жөнүндө маалымат жок деп отурганыбыз болбойт. Кеч болсо дагы камалгандардын болжолдуу санын, алардын аты-жөнүн, туулган, жашаган жерин иликтесе болот. Абакка камалгандардын неберелери, жакын туугандары сөзсүз бар, аларды издесе табылат. Орозбек Акимбаев агай, "Тарых тактары такталууда" деген ырын жазып "Кыргыз Туусу" гезитинин 16-майдагы санында жарык көрбөдүбү. Ошол ырында мындай саптары бар:

"Кекилик-Учар" Ош жеринин мазары,  
Камактагы болгондордун азабы.  
Көп адамдар жалаа менен камалган...  
Качан, кантип тарыхчылар жазабы?

Ушундан улам айтат элем: Алдыда "Кекилик-Учар бейити" тууралуу тарыхчылар изилдөөлөрдү жүргүзүп, жазуучулар, журналисттер даректүү китептерди жазып, тасмаларды жаратышат деп терең ишенем.

Учурдан пайдаланып урматтуу окурмандарга кайрылып кетет элем. Эгерде Куршаб түрмөсүндө камалып, үйлөрүнө бошонуп келген же болбосо түрмөдөн чыкпай, өлгөндүгү жөнүндө кабары жок болуп дайынсыз жоголгон туугандарыңар, тааныштарыңар тууралуу маалыматыңар болсо ушул маекти уюштурган гезитке же болбосо менин өзүмө билдирип койсоңуздар чоң жардам көрсөткөн болот элеңер. Номурум 0559321439.

"Кекилик-Учар бейити" Кыргызстандын түштүгүндөгү ыйык жай болуп калды. Буга чейин мал тебелеп, таштанды төгүлгөн жер болсо, эми Куршаб түрмөсүндө камалып, тагдыры белгисиз болуп дайынсыз жоголгон адамдардын жакындары, мен мусулман баласымын дегендер келип куран окуп, зыярат кыла турган жай болуп калды. Арбактар ыраазы болбосо, арбактар баркталбаса, тирүүлөр даңкталбайт, тирүүлөрдүн иши алдыга жылбайт деп айтылат эмеспи. Эң башкысы арбактар ыраазы болсун! Мындан ары элибизде тынчтык, ынтымак ыроолосун!

Сиздерге дагы ыраазычылык билдирип ден соолукту, бакубат жашоону, чыгармачылык ийгиликтерди каалаймын!

**Маектешкен:**  
**Керим АЙДАРОВ,**  
**«Кыргыз Туусу»**  
**(№ 60, 15.08.25-ж.)**

Жарыя

## Торук

Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесине караштуу муниципалдык менчиктеги жерлери төмөнкү таблицага негиз торук аркылуу ижарага берилет. Торук 2025-жылдын 24-ноябрь күнү саат 10:00 гө айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин имаратында өткөрүлөт.

| № | Айылы | Контурдун № | Аянты га |
|---|---|---|---|
| Лот №1 | Эс алуу паркы | Гос.акт муниципалдык менчик | 1000,0 чарчы метр |
| Лот №2 | Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин эски имаратынын түндүк тарабы | Гос.акт муниципалдык менчик | 16,0 чарчы метр |
| Лот №3 | Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин эски имаратынын түндүк тарабы | Гос.акт муниципалдык менчик | 27,0 чарчы метр |
| Лот №4 | Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин эски имаратынын түндүк тарабы | Гос.акт муниципалдык менчик | 40,0 чарчы метр |
| Лот №5 | Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин эски имаратынын түндүк тарабы | Гос.акт муниципалдык менчик | 40,0 чарчы метр |
| Лот №6 | Көк-Жар айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин эски имаратынын батыш тарабы | Гос.акт муниципалдык менчик | 100,0 чарчы метр |

Байланыш үчүн телефон: +996 555 44-88-87.

Жарыялар

## Жараксыз деп табылсын

2003-жылы Ош технологиялык университети тарабынан Касымова Мира Эргешовнага берилген МВ № 16538 сандуу катоо № 699 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

XXX

2018-жылы ОшМУнун юридикалык колледжи тарабынан Алмасбек уулу Алтынбекке берилген ШС 180179290 сандуу каттоо № 1993 болгон дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Кезексиз акционер чогулушу

"Ош Ак-Таш" ААК 2025-жылдын 21-ноябрында саат 11-00 дө акционерлер үчүн кезексиз жалпы чогулушун өткөрөт. Дареги: Ош шаары. Ишматов көчөсү -152. Акционерлерди каттоо саат 9-00дө башталат.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын шайлоо
2. Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин балансына жер тилкелерин акысыз өткөрүп берүүгө уруксат берүү чечими

- Көмөктүк чарбанын жер тилкеси 12, 0 га. (идент: коду. 5-11-11—0027-0205) дареги: Ош шаары, Жапалак а-ө номери жок.
- "Ак-Терек" карьер чарбасынын жер тилкеси: 35867,00 чарчы метр (идент: коду. 5-11-05-0060-0446) дареги: Ош шаары, Наукат тракты № 8-5
- Жер тилкеси 1,1 га, жер тилкеси 2,45 га, (идент: коду. 5-11-10-0241-0178) дареги: Ош шаары, Ражапов көчөсү 75"б".

## Уведомление для акционеров АО «Ош Ак-Таш»

О ВНЕОЧЕРЕДНОМ ОБЩЕМ СОБРАНИИ АКЦИОНЕРОВ

Акционерное общество «Ош Ак-Таш» уведомляет акционеров о проведении внеочередного общего собрания акционеров, которое состоится 21 ноября 2025 года в 11:00 часов. Адрес проведения: г. Ош, ул. Ишматова, 152. Регистрация акционеров: с 9:00 часов.

Повестка дня:

1. Избрание состава счетной комиссии.
2. Принятие решения о предоставлении разрешения на безвозмездную передачу земельных участков на баланс Государственного агентства по управлению государственным имуществом:

Земельный участок подсобного хозяйства – 12,0 га

(идентификационный код: 5-11-11-0027-0205)

Адрес: г. Ош, айыл окмоту Жапалак, без номера.

Земельный участок карьера «Ак-Терек» – 35 867,00 кв. м

(идентификационный код: 5-11-05-0060-0446)

Адрес: г. Ош, Наукат тракт, №8-5.

Земельный участок 1,1 га. Земельный участок 2, 45 га. (идент: код. 5-11-10-0241-0178)

# МЕЗГИЛ САБАСЫНДАГЫ ӨМҮР СЫРЛАРЫ

Өмүр чиркин мезгил менен сабалаш учкан куштай зуулдаган бойдон тээ чексиздике багыт алгандай зымыраган жаа жебесиндей өтө берет тура. Жашоодо адам баласынын түйшүктүү түмөн өмүрү мезгил менен коштолгону өмүр туюмуна байланат белем. Пенде жашоосунда өзү баамдаганына карабай сырдуу жашоонун түркүгү боло албастыгын байкамаксанга сала батылдана канча жашаса ошончо кайраттануу менен жашоодо түйшүктүү өмүр деген туюм менен алпурушканы лаазым окшойт. Бул бүтүмдүк жарык дүйнөгө жашоо үчүн келген ар бир адам баласынын пешенесине кептелген жашоо күрөшүнүн анын өзүнө сезилбеген сырлары болгон сыяктанат. Канткен менен жашоодо пенде баласы өмүр сүргүсү келген сайын карама каршылыктуу, капсаландуу мүлдө өмүр менен кармашкан каардуу түйшүк сырларынан кайкып кете албастыгы чыркыраган чындык го. Мындайнан алганда бардык эле адамзаты жашоодогу күрөштө тынымсыз өмүрдүн өр тарткан жолунда чымырккануу менен далбас ура жашоо кечиргени, кечирген беймы. Мына ушундай өмүр сапарында жашоо сызыгын сыдыра өмүр кечиргендердин бири Оморов Эркинбай аксакал. Эркинбай авабыз азыркы учурда жетимиш сегиз жаштагы куракты даамын сызууда. Ал өткөн кылымдын 1947-жылы Улуу Жибек жолунун томунда жайгашкан азыркы Мады айлында өз атасы Абакирдин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Жаштыгы согуштан кийинки көпчүлүк көргөн жашоо жылдарына туш келет. Анда айыл турмушу бир кыйла жанданууга багыт алган учур экен. Айылдагы коомдук чарбалык жумуштар бир кылка өнүгүү жолуна багыт алганы жашоого оң таасирин бере баштаганы сезилген учур тура.

Айылда эл жашоосуна керектүү социалдык курулуштардын жандануусу, элдин



турмуш тиричилик шартарынын жакшыруусуна алып келет. Эркинбай ава ошол элүүнчү жылдардын орто ченинде айлындагы мектептин босогосун билим алуу максатында аттаган. Ал мектепте жеткиликтүү билим тарбия алууга жетише алган мыкты окуучулардан болот. Ал учурда айылга машина, трактор сыяктуу техникалар жапырт келген учур эле. Аларды башкаруу үчүн билимдүү айдоочу, тракторчу сыяктуу кесип ээлеринин зарылдыгынан улам мектеп окуучуларын сегизинчи класска чейин окуткан. Андан соң атайын кесиптик техникалык окуу жайларында билимин улантууга багыттама менен жөнөткөн учур экен.

Эркинбай ава да он беш, он алты жаш чамасында андагы өз айылындагы Фрунзе атындагы мектептен сабаттуулугун жойгон соң, ошол учурдагы Жалал-Абад шаарындагы номер биринчи кесиптик техникалык окуу жайынан билим алууга жөнөтүлөт. Бул жерде 1964-жылдан 1966-жылга чейин окуу менен айдоочу-шофер кошумча тракторист-машинист универсалдуу кесип ээси болот.

Эркинбай ава жаштык жигер менен өз айлына келген соң чарбада шофер айдоочу болуп эмгек жолун баштайт. Бул арада тракторист-механизатор да болот. Чарбада техника жагынан кандай жумуштар тагылбасын аны мыкты аткарууга дилгирленет. Кийин Советтик Армиянын катарында кызмат кылууга чакырылат 1972-жылга чейин Аскердик кызматын андагы Казак ССРнын Кызыл Ордо шаарында өтөйт. Кийин Байканурда мекен алдындагы милдетин улантуу менен кызматы аяктагандан кийин өз айлына кайра келет. Бул учурда чарбада иштөө менен өз алдынча түтүн булатып үй жайлуу да болот. Кызуу эмгектин эпкини менен жаштык жигердүү учурунун кантип өтүп жатканын ал учурда сезбегенине азыр таң калуу менен саресеп салганына бушаймандуу экенин жашырбайт.

Эркинбай ава "Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы"деген накыл кепке жашың жогорулаган сайын ынанып калат экенсиң дейт. Азыр мындан Элүү жыл мурда көргөнүңдүн бири жоктой пүшүркөп калмайың адатка айланчуу болду. Жаш кезде курчтук менен эч нерседен жалтанбай шарта шурта жүргөнүңдүн бири жоктой сезилет дейт да тереңге кыялданганыйт. Ал аскердик кызматтан келгенден кийин жетимишинчи жылдардын орто ченинде Мады тарапта уюштурулган Катта Талдык асыл тукум кой чарбачылыгы боюнча селекциялык чарбасында машина айдап жумуш кылат. Арадан азыраак жылдар өткөн соң областык айыл чарба башкармалыгында анын жетекчисинин кызматтык унаасында айдоочу болуп иштейт. Алгач Госплемстанцияда Жумаев Жусуптун кызматтык унаасында эмгектенсе кийин көрүнүктүү коомдук жана мамлекеттик ишмерлерден болгон Б.Аманбаевди, Б.Сыдыковду акыркы учурларда асыл тукум станциясында деректир кызматын аркалаган Шайлообай Сабировтордун кызматтык унааларында айдоочу болуп иштеген. Ушундан улам Эркинбай аванын жаштык жигери коомчулукта башы көрүнгөн инсандар менен жан жүрөк алышып иштешкен экен деп боолгосо татыктуу болчудай.

Кийин заман өзгөрүлгөнү Эркинбай ава да өз турмуш жолунда татыктуу оорун табуу максатында Ош курулуш трестинде бир топ жыл иштеген соң, 2010-жылдан эс алууга чыккан. Балдары да өз жолу менен турмуштун татаал жолунда өз турмуш тиричиликтерин өткөрүшүүдө. Баары бала чакалуу. Бирок Эркинбай ава үйдө кармалып олтура албастыгын сездиби, азыркыга чейин чарчадым чаалыктым дебей шаардагы ар кандай мекемелерде күзөтчүлүк жумуштарда эмгектенген. Азыркы учурда облтипографияда карооолдук ишти аткарууда. Ал буга чейин облустук ооруканада, суу чарба башкармалыгында күзөтчү болгон. Анын жашы сексенди чамалап барып калса да каруу күчүнөн тайбай өмүрдөгү өжөрлүгүн денесине сиңире жашоо күрөшүндө жандуу эмгектенип келүүдө. Бул өз турмушундагы кадырман аксакалдын каарманду өмүрүнүн соңку элестери экендигин сезип турса да жашоо үчүн күрөшүү кыймылын токтотпой келгендиги жакшы көрүнүш эмей эмне. Ар бир пенде турмуш арабасында ушундай вазыйпалуу болсо, артынан даңазалуу кептердин уюткусу калат го деген ушул бейм.

**М.Жуманазаров**

Саламатчылык

# СЕРГЕК ТУРМУШ ОБРАЗЫ ЖАНА УЛГАЙГАН ИНСАНДАР

**“Карысы бардын-ырысы бар” демекчи, Ош шаарындагы Республикалык ден-соолукту чыңдоо жана массалык комуникация борборунун түштүк филиалы жалпы жарандардын жана анын ичинде улгайган адамдарыбыздын саламаттыгына чоң маани берип келет. Бүткүл дүйнө жүзү боюнча октябрдын биринчи күнү дайыма белгиленип келаткан карылар күнүнө карата түрдүү иш-чараларды уюштуруп келүүдө. «Карылар күнү – урмат-сыйдын, тажрыйбанын жана акылмандыктын күнү» аттуу ураандын алдында бул жылы да маалымат жыйын уюштурулду, сый –урмат көрсөтүлдү, кеп– кеңештер берилди.**

Иш чаранын негизги максаты -жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу, сергек жашоо образын жайылтуу, кары адамдардын өзүнүн ден– соолугуна болгон кам көрүүнү калыптандыруу болуп саналат. Мындагы маалымат жыйынынын катышуучулары улууларга болгон урмат-сыйды билдирип, алардын коомдогу орду кандай маанилүү экенин баса белгилешти.

Карылар – бул биздин тарыхыбыздын, маданиятыбыздын, үй-бүлөлүк баалуулуктарыбыздын сакталып калышына өбөлгө болгон муун. Алардын өмүр жолу, топтогон тажрыйбасы жана акылман насааттары – жаш муун үчүн жол көрсөтүүчү чырак болуп саналат. Ошону менен бирге карыларыбыздын өзүнүн ден – соолугуна кам көрүү, жүрөк –кан тамыр оорулары жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуусунун калыптануусу азыркы учурдун чоң маселелеринин бири эмеспи.



Биз карыларыбызды колдоого, алардын ден соолугуна кам көрүү жана жашоосун татыктуу шарттарда өткөрүшүнө көмөктөшүүгө милдеттүүбүз деп белгиленди иш– чарада. Аталган багытта жыл сайын Ош шаарындагы Республикалык ден – соолукту чыңдоо жана массалык коммуникация борборунун түштүк филиалы жана Ош шаардык Үй-бүлөлүк медицина борборунун ден– соолукту чыңдоо кабинетинин адистери тарабынан бир катар иш– чаралар өткөрүлөт.



Атап айтсак, кары адамдардын ден – соолугунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана физикалык активдүүлүк боюнча керектүү маалыматтар берилет. Карылардын туура тамактануусунун өзгөчөлүктөрү жана башка саламаттыкты сактоо багытындагы иш –чаралары жүзөгө ашырылат. Белгилеп кетсек, ар бирибиз улуу муундун өкүлдөрүн эстеп, жылуу сөз айтып, колдоо көрсөтүүгө чакырабыз деп айтылды маалымат жыйынында. Улгайган инсандарды урматтоо, аларга аяр мамиле жасоо, боорукердик жана таазим этүү жаш муундардын парзы жана милдети.

**К.Кыдыралиева.**